КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ

" НУР" ЖАЛАЛ-АБАД КОЛЛЕДЖИ

| | |
|---|---|
| **МАКУЛДАШЫЛДЫ** | **БЕКИТЕМИН** |
| "Нур" ЖАКтын өндүрүштүк практика жетечиси: | "Нур" ЖАКтын директорунун окуу иштери б.о.б. |
| ____________ Б.М. Акматова | ____________ Э.Э.Божиева |
| "_28_" _08_ 2020-ж | "_28_" ____ 2020-ж |

**050709 Башталгыч класстарда окутуу адистигинин Балдардын мектептеги алгачкы күндөрү практикасынын**

# ПРОГРАММАСЫ

**Түзгөн практика жетекчилери:** Г.А. Казыбекова.
Г.О. Токтоматова.

Жалал-Абад 2020

**Баланын мектептеги алгачкы күндөрү практикасынын максаты:**

Балдардын мектептеги алгачкы күндөрү практикасы - окуу процессинин динамикалык бөлүгү болуп,төмөнкү максаттарды алдына коёт: студенттин окуу жайдан алган теориялык билимин бекемдөө жана тандаган адистиги боюнча өндүрүш шарттарында иштин практикалык ыкмаларын үйрөтүү.

**Баланын мектептеги алгачкы күндөрү практикасынын максаты:**

- Мектепте баланы алгачкы күндөрү окутуудагы окуу-тарбиялык процессинин өзгөчөлүгү менен студенттердин таанышуусу;
- Окуу жылынын биринчи жумасындагы биринчи класстын окуучулары жана алардын ата-энелери менен алып барган ишинин өзгөчөлүгүн байкоо;
- Балдардын окууга даярдыгын аныктоо;
- Мектепке чейинки мекемелерде, үй бүлөдө, мектептерде балдар менен иштөө ишинин биримдүүлүгүн белгилөө.

**"Баланын мектептеги алгачкы күндөрү" практикасынын ишинин мазмуну.**

| Жума | Студенттин аткаруучу ишинин мазмуну | Аткаруу формасы | Сааты | Жетекчинин практика учурунда аткаруучу ишинин мазмуну | сааты |
|---|---|---|---|---|---|
| 1-күн | 1.Студенттеги практиканын програмmасын маалымдоо | күндөлүк | 6 | Мектеп турмушу менен таанышууга методикалык жардам көрсөтүү | 6 |
| | 2.Практиканын тапшырмасын аныктоо | күндөлүк | | | |
| | 3.Практиканын күндөлүгүн жүргүзүү боюнча багыт берүү | күндөлүк | | | |
| | 1-классты комплектөө усулу жана эрежеси менен таанышуу.Мугалимдин 1-сентябрга классты даярдоо ишине жардам берүү.Ата-энелер чогулушуна катышуу,Билим күнү майрамына катышуу; | Уюштуруу иштеринин жүргүзүлүүсү боюнча документтер менен таанышуу,алардан көчүрмө алуу(протокол, токтом, келишим.түшүнүк кат, расписка,ж.б) | 6(7,5) | Уюштуруу иштерине катышууга жана алып барууга методикалык жардам көрсөтүү | 6 |
| 2-күн | Балдарды кабыл алуу жана үйлөрүнө узатуу.<br>Дептерлерге жаздыруу иштерине мугалимге жардам көрсөтүү.<br>Мугалимдин 1-жумадагы иш планы менен таанышуу.<br>Окуучуларды класска жайгаштыруу.<br>Балдарды класс,мектеп,тартип, эрежелери менен тааныштыруу.<br>Сабакка байкоо салуу жана анализ жүргүзүү(жазуу,окуу, математикага үйрөтүү).<br>Биринчи класстын окуучуларына портфель, ручка, дептерлерди кандай тутуу керектиги жөнүндө эрежени өздөштүрүүсү боюнча иштер.Ата-энелер менен жолугушуу жана аңгемелешүү.Биринчи класстын окуучусунун мектепке даярдыгынын деңгээлин аныктап, анализ жүргүзүү.Мугалимдин берген тапшырмасы боюнча көрсөтмө куралдарды даярдоо. | Уюштуруу иштеринин жургузулушүнө жана аларды алып баруу жөнүндө күндөлүк жазуу | 6(7,5) | Уюштуруу иштерине методикалык жардам көрсөтүү | 6 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 3-кун | Классты сабак өтүүгө даярдоо.Балдарды кабыл алуу(мугалимге жардам берүү).окутуунун алгачкы күндөрүндөгү окуу тарбиялык процесстин өзгөчөлүгү.1-класстагы окуучунун алгачкы күндөрүндөгү билим, билгичтиктерди өздөштүрүүсүнө байкоо жүргүзүү.Сабакка байкоо жүргүзүү жана анализ берүү. Ойномо тыныгууларды өткөрүү.Окуучулар менен жекече иш алып баруу.Балдардын мектепке болгон мамилесин аныктоо.Балдарды үйлөрүнө узатууга жардам берүү.Ата-энелер менен жолугушуу жана аңгемелешүү. | Уюштуруу иштериндеги окуу тарбиялык процесстин жүрүшү боюнча күндөлүк жазуу | 6(7,5) | Уюштуруу иштери жана окуу тарбиялык процесстин жүрүшү боюнча методикалык жардам берүү | 6 |
| 4-кун | Сабакка байкоо жүргүзүү жана анализ берүү, мугалимдин айткандарын угуу, аткаруу, жардам берүү,класста ар кандай уюштуруу иштерине активдүү катышуу, балдардын жүрүм - менен алардын көпчүлүккө аралашуу мүнөзүн калыптандыруу ишиндеги мугалимдик ишине байкоо салуу.1-класстын окуучулары жана ата-энелери менен алып барган иштин артыкчылыктарын аныктоо | Аткарылган иштердин артыкчылыгы боюнча күндөлүк жазуу | 6(7,5) | Документтерди жазуу, топтоо иштери боюнча, суроолорго жооп берүү | 6 |
| 5-кун | Балдарды кабыл алуу жана классты сабакка даярдоо,Мектепке ар кандай даярдык менен келген балдардын биринчи жума ичинде алган билиминин деңгээлине баа берүү.Психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөнү толтуруу учун 1-класстын окуучулары менен жекече иш алып барууну улантуу.”Баланын мектептеги алгачкы күнү ” практикасынын жыйынтыгын чыгаруу корутундулоо жана сунуштарды берүү. | Аткарылган иштер боюнча мектептеги мугалимдин катышуусу менен отчет жазуу, практиканын жыйынтыгын чыгаруу,документтерин топтоо. | 6 | Практиканын жыйынтыгы боюнча методикалык жардам берүү | 6 |

“Баланын мектептеги алгачкы күнү ” аталышындагы практиканы тапшыруу үчүн студент төмөнкү документтерди даярдайт.

1.Практика боюнча күндөлүк.

2.Практика боюнча жазуу жүзүндө отчет

3.1-сентябрь “Билим күнүн” сценарийи.

4.Мүнөздөмө (эгерде практикант практика учурунда өзүнүн артыкчылыктарын көрсөткөн болсо грамота) менен бирге алып келсин.

Жазуу жүзүндөгү отчеттун мазмуну.

1)мектеп жөнүндө маалымат.

2)класс жана класс жетекчи жөнүндө маалымат.

3) Практиканын мазмуну жөнүндө кыскача маалымат.

4) Мугалимге көрсөтүлгөн жардам жөнүндө маалымат.

5) Корутунду.